# ЖАКШЫ ИШ



Автор: Мира Кокоева

Сүрөтчү: Нурай Акматова

Которгон жана адаптациялаган: Абдыкерим Муратов

# ЖАКШЫ ИШ

Автор: Мира Кокоева
Сүрөтчү: Нурай Акматова
Которгон жана адаптациялаган: Абдыкерим Муратов

Кыргыз тилинде
Бишкек-2022

Copyright © 2022, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган.

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

"Жакшы иш"(кыргыз тилинде), автор Мира Кокоева, сүрөтчү Нурай Акматова, Абдыкерим Муратов тарабынан которулуп адаптацияланган.

*Добрые дела*, Copyright © 2021, Эта работа лицензирована по международной лицензии Creative Commons Attribution 4.0. (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) түп нускасынан ылайыкташтырылган. CC BY 4.0 лицензиясы негизинде лицензияланган.

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom

Мика чоң энеси менен автобуста бара жатып уктап кетти. Ал силкинүүдөн ойгонду. Автобус токтоду. Кыздын жанында бир чоң эне кармагычты кармап туруптур.

– Отуруңуз, чоң эне! – Мика ордунан ыргып турду.

– Ордуңду мага берип жатасыңбы? – деди чоң эне кызга кайрылып.

– Албетте, – Мика кызарып кетти.

– Кандай азамат кыз! – деди кимдир бирөө.

– Кичинекей болсо да, улууну сыйлаганды билет турбайбы!

Миканын чоң энеси бул окуяны көрүп турган.



Үйгө келгенде, чоң энеси Мика автобуста улгайган апага ордун бошотуп бергенин айтып берди.

– Силер ошол кезде Миканы көрсөңөр болмок! – деди чоң энеси сыймыктана.

– Кээде Мика ошондой жакшы иштерди жасайт, – деп апасы да мактады.

– Кээде эле эмес, көп эле жакшы нерселерди кылам! – Мика таарына сүйлөндү.

– Менимче, эртең  жамгыр жаайт окшойт... – деп атасы тамашалап койду.

– Биздин Мика боорукер, акылдуу, – деп чоң эне мактоосун улантты. – Башка мындай кыз жок, периште-кыз!

– Периште! – апасы менен атасы жылмайып калды.

«Мен – периште», – Мика өзүн аппак көйнөк кийген, канаттуу пери кыздай элестетти. Өзүн дароо эле сыйкырчыдай сезди.

– Менин неберем мыкты! Кээде эле жаман баа алып калат, бөлмөсүн тазалабай коюп, апасынан тил угат. Бирок бүгүн бейтааныш адамга орун бошотуп берди! – деди чоң энеси небересине болушуп.

Мика кечинде автобуста кандай жакшы иш кылганын эстеп жатты. Баары ага сүйкүмдүү караганын көз алдына келтирди. Өзүнө-өзү ыраазы болуп уйкуга кирди.



Эртеси Мика көчөгө чыгууга камынды. Дагы бир жакшылык кылгангаиш табылып калар!

– Сен кайда? – деди апасы.

– Мен бир жакшылык иш жасаганга бара жатам.
Мен периштемин да!

Аялдамадан таяк таянган бейтааныш чоң энени көрдү. Мика чоң эненин капа болуп турганын байкап, жанынан бир нече жолу өттү.

– Кызым, автовокзалга кайсы автобус барат? – деп чоң эне Микага кайрылды.

– Жолдун аркы бетине өтүү керек. Автобус ошол жактан кетет.

Мика чоң энеге жолдон өтүүгө жардам берди.

– Чоң ыракмат, кызым. Жакшы жардам бердиң! Балмуздак сатып аласың, – деп чоң эне кызга тыйын сунду.

– Ыракмат, чоң эне! Кереги жок, – деп Мика акчаны албай койду. Бейтааныш адамдардан эч нерсе албаш керектигин билчү.



– Света апа, саламатсызбы? Сиз эмне кылып жатасыз?

– Саламатчылык, Мика! Гүлдөрдүн арасындагы отоо чөптөрдү жулуп жатам, – деп Света апа жооп берди.

– Келиңиз, жардам берейин! Отоо чөптөрдү жулуп бүтүп, экөө отургучка отурду. Света апа Микага өзү жасаган печенье берди.

«Кандай таттуу печенье! Мен жакшы иштерди жасаганым үчүн берип жатат го? Мага дагы эмне беришет болду экен? Кимге жардам берсем?» – деп Мика ойлонуп бара жатты.

Бир убакта бала көтөргөн, колунда баштыгы бар эжени көрүп калды.

– Келиңиз, баштыкты көтөрүшөйүн, – деди Мика чуркап барып.

– Ыракмат, абдан жакшы болот эле, – деди эже ыраазы болуп.

– Эч нерсе эмес, эже! – деди Мика.

– Саламатта кал! – Эже коштошуп, андан ары кетти.

«Эмне үчүн жардам кылсам, эч нерсе берген жок. Жаман эже экен!» – деп Мика наразы болуп калды.



Ал тоголонуп келе жаткан топту кармап калды.

– Бул сенин тобуңбу? – деди Мика топ артынан кууп келе жаткан балага.

Бала унчукпай топту алып, чуркап кетти.

– Эй, бала! Мага жок дегенде «ыракмат» деп койсоң боло. Кандай адепсиз! – Мика баланын артынан кыйкырды.

Бара-бара периште болгусу келбей калды.



– Жардам бердим. Жакшы иш жасадым, ал болсо «ыракмат» деп койгонго да жарабады. Эч кимге жакшылык кылгым келбей калды! – деп Мика эртеси Нелля досуна айтып берди.

– Мен волонтёр болгум келет. Волонтёрлор командасы кары адамдарга жардамдашат, – деди Нелля.

– Волонтёр? – Мика таң кала сурады.

– Жардам бергиң келбейби? «Волонтёр» деген сөз, бирөөлөргө өз эркиң менен жардам бердегенди билдирет. Акыркы жолу бала бакчанын тегерегин тазаладык. Бакчадан бизге пироженое беришти, – Нелля мактанып койду. – Жекшембиде дагы барабыз. Эгер кааласаң – бизге кошул!

– Ой! Пироженое береби? – деди Мика баргысы келип.



Жекшембиде Мика, Нелля команда болуп бала бакчага жөнөштү. Балдар бакчанын тегерегин тазалашты.

– Таттуунун кезеги келди окшойт! – деп ойлонду чарчаган Мика.

– Эмгегиңерге чоң ыракмат, балдар! Ден соолукта болгула! – дешти эжелер коштошуп жатып.

– Биз дагы келебиз!

– Эч нерсе беришпейби? – деди Мика досуна кайрылып.

– Карачы, бул жер кандай таза болуп калды! – Нелля досун тынчтандырды.

– Чын эле… – деди Мика үнүн араң чыгарып.

«Мика автобус менен үйүнө келе жатты. “Иштегеним үчүн эч нерсе беришкен жок» деп ойлоду ал. Ошол убакта  өзүнүн жанында турган улгайган атаны көрдү. «Эмне кылуу керек? Мен аябай чарчадым да». Бул жолу Мика чоң атага орун берген жок.



Мика автобустан түшүп, үйүнө басып бараткан.

– Чоң кыз, токтосоң! Түшүп калыптыр, бул сеники эмеспи? – деп артынан бир бала чуркап келди.

Ал Микага кызыл шуру тагылган капчыкты сунду.

– Ооба, меники!.. Ой, сиз муну кайдан таптыңыз? – деп Мика таң кала балага кайрылды.

– Жолдон өтүп баратып, таап алдым. Карасам, сен эле келе жатыптырсың. Капчыктын ээси табылып, жакшы болбодубу! – деп бала кызга капчыкты сунду.

– Ыракмат! Жакшы болбодубу! – деди Мика балага ыраазы болуп.

– Менин ордумда сен да ушундай кылмаксың, – деп бала кетип калды.



– Мика, бүгүнкү күнүң кандай өттү? – деп сурады чоң энеси.

– Чарчадым. Бала бакчаны тазаладык. Бизге эч нерсе беришкен жок. Анан дагы капчыгымды жоготуп алып, бирок дароо эле табылып калды. Тагыраагы, бир бейтааныш бала алып келип берди. Бул тууралуу апама айтпай эле коюңуз, мени урушат.

– Макул, бул жашыруун сыр бойдон калсын, – чоң эне жылмайып койду. – Бала азамат экен! – Мика, сенин жакшы көргөн пирогуңду жасап койдум, – деди чоң энеси Миканын капалуу келгенин байкап.

– Ыракмат, чоң эне. Эч нерсе жегим келбей жатат.

– Бүгүн жакшы иш жасай албадым. Автобустагы чоң атага орун бошотуп берген жокмун. Бирөөгө жакшылык кылып, андан акы күтпөш керектигин түшүндүм, – деди Мика. Ал эч кандай акы албай эле жакшылык жасап, ошонусуна ыраазы болуп басып кеткен баланы эстеди.

– Ошону үчүн капа болуп жаткан турбайсыңбы! Сен жакшы кызсың, периштесиң, азаматсың! – деп чоң эне небересин бооруна кысып койду.

Чоң энесинин сөзүнөн кийин, Мика жеңилдей түштү.

– Келиңиз, чогуу чай ичели! – деди Мика чоң энесине кубанычтуу карап.



USAID
АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ


Автор: Мира Кокоева
Сүрөтчү: Нурай Акматова
Которгон жана адаптациялаган: Абдыкерим Муратов



USAID "Окуу керемет!"
долбоору Кыргыз Республикасы


1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- 1.3 деңгээли

2-класс
- 2.1 деңгээли
- 2.2 деңгээли

3-класс
- 3.1 деңгээли
- 3.2 деңгээли

4-класс
- 4.1 деңгээли
- 4.2 деңгээли